исп. Сатаев Кубаныч +

## СУЛУУ КЫЗ IV

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Кубаныч Сатаев

Эриндериң бышып турган кызылгат,
Эриттиң го жүрөгүмдүн музун бат.
Тал чыбыктай бой келбетиң көргөндө,
Тамырымда сүйүү чуркайт тызылдап.

**КАЙЫРМА:**
***Көздөрүмдүн карасындай,***
***Көңүлүмдүн дабасындай сулуу кыз, сулуу кыз!***
***Назданасың сөзүң балдай,***
***Суктанамын көзүмдү албай сулуу кыз, сулуу кыз!***

Сезимдеги сагынычты кубалап,
Сен жылмайсаң көктө күн да уялат…
Сымбатыңа калдым окшойт мас болуп,
Сыйкырчыдай алдың мени дубалап.

**КАЙЫРМА:**
***Көздөрүмдүн карасындай,***
***Көңүлүмдүн дабасындай сулуу кыз, сулуу кыз!***
***Назданасың сөзүң балдай,***
***Суктанамын көзүмдү албай сулуу кыз, сулуу кыз!***

Билбесем да кандай мүнөз, кыялың?
Бирок сенден бир жылуулук туямын.
Ботокөзүң тагдырыма жайнатып,
Болчу менин өмүрлүккө ынагым.

**КАЙЫРМА:**
***Көздөрүмдүн карасындай,***
***Көңүлүмдүн дабасындай сулуу кыз, сулуу кыз!***
***Назданасың сөзүң балдай,***
***Суктанамын көзүмдү албай сулуу кыз, сулуу кыз!***